**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257 Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20
257, K. Tynystanov St., Bishkek 720040 E-mail: minedukg@gmail.com
720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257 http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** №1482/1 2021 жылдын «27» августу **ПРИКАЗ**

**Жалпы билим берүү уюмдарын аккредитациялоо маселелери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтому менен бекитилген билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибине ылайык билим берүүнүн сапатын тастыктоо процедурасынын максаттарынын жана принциптеринин так сакталышын камсыз кылуу максатында ***буйрук кылам:***

1. Жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоодо мектептин өзүнүн өнүгүү динамикасын салыштыруу менен аккредитациялоо боюнча бекитилген талаптардын так аткарылышын камсыз кылуу боюнча райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын, борборлорунун) жетекчилерине төмөнкүлөрдү аткаруу милдеттендирилсин:

а) билим берүүнүн сапатын камсыздоо үчүн жалпы билим берүү уюмдарында үзгүлтүксүз (жыл сайын) өзүн-өзү баалоо, жыйынтыктарын талкуулоо жана өркүндөтүү аркылуу билим берүү уюмдарынын өнүгүшүнө өбөлгө түзүү;

б) жалпы билим берүү уюмдарында өзүн-өзү баалоо жүргүзүү маселелери боюнча түшүндүрүү иш-чараларын, билим берүүнүн сапатын өнүктүрүүнүн ички системасын камсыздоо;

в) жалпы билим берүү уюмдарын аккредитациялоо учурунда тышкы баалоо жүргүзүү боюнча эксперттик комиссиянын корутундусунда көрсөтүлгөн кемчиликтерди жоюу жана сунуштарды кабыл алуу боюнча тиешелүү иш- чараларды аккредитациялоонун чечимин кабыл алынгандан кийин 3 айдын ичинде уюштуруп, жыйынтыгын жылдык өзүн-өзү баалоодо эске алуу;

г) министрлик тарабынан аккредитациялоого бөлүнгөн бюджеттик каражатты эффективдүү пайдалануу максатында жалпы билим берүү уюмдарын аккредитациялоо иш-чараларын пландоо жана кечиктирбестен уюштуруу;

д) аккредитациялоо документтерин министрликке тапшырууда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2020-жылдын 29-октябрындагы №905/1 буйругу менен бекитилген документтердин талаптарын так сактоо.

2. Билим берүү уюмунун жетекчиси өзүн-өзү баалоо боюнча берилген отчеттун аныктыгы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

3. Ушул буйруктун 1-пунктундагы иш-чаралардын өз учурунда аткарылбагандыгы үчүн райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын, борборлорунун) жетекчилери жоопкерчилик тартат.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Лицензиялоо жана аккредитациялоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Н.С. Джусупбекова**